УДК: 821(с54)

Абакиров К.
*Ж.Баласагын ат. Кыргыз улуттук университети*

# ЭПОСТУН ЭВОЛЮЦИЯСЫ ЖАНА ДАГЫ БИР ЖОЛУ ТАРЫХ МАСЕЛЕСИ

Кыргыз эпопеясы «Манастын» жаралган доору, анын шарттары, анда чагылдырылган тарыхый окуялар жана инсандар аныгында татаал маселе, ошондуктан ал божомол иретинде гана коюлушу мүмкүн деп эсептеген **В.М.Жирмунский** «Манастын» даңазалуу чыгармага айланышына өбөлгө болгон социалдык-тарыхий шарттар катары көчмөн турмуштун, патриархалдык-уруулук түзүлүштүн өзүн, кыргыз элинин кылымдар бою эркиндик үчүн күрөшүн эсептеген. Тикелей «Манас» эпосуна арналып, 1948-жылы «Введение в изучение «Манаса» деген аталыш менен жарык көргөн эмгегинин [1, 111]. «Происхождение и развитие эпопеи» деген бөлүмүндө ал проф. А.Бернштамдын «Эпоха возникновения эпоса «Манас» аттуу эмгегин талдоого алып, «Яглакар теориясы» менен макул эместигин, уйгур хандыгы Беш-Балыктын эпосто Бейджин аталышы (А.Бернштам боюнча - К.А.), Алманбеттин уйгур чиновниги Гюйлу Бага, анын сүйгөнү Бурулчанын кытай ханышасы Тайхо менен салыштырылышы, прототиптер катары саналышы ишенич жаратпасын, дегеле **эпикалык баяндардын каармандарынын протиптерин табуу аракеттери илим үчүн «жалган жол» экендигин белгилейт.** Анын пикиринде, уйгур хандыгы менен болгон согуш кыргыздардын көп кылымдык оор тарыхындагы бир эпизод гана болуп эсептелет, ага караганда, кытайлардын баскынчылыгында калуу узак мезгилдер бою кыргыздар жана башка түрк элдери үчүн эң негизги коркунуч болуп келген. Ошондуктан IX-X кылымдардагы окуялар элдин чыгармачыл эстутуму аркылуу көркөмдөлүп «поэзиянын мухитине» кошулган да, Кытай империясынын вассалдары болгон калмактарга каршы кийинки узак согуштар элдин тарыхый жана мамлекеттик аң-сезиминин ойгонушуна түрткү берип, эпикалык чыгармачылыкта өз ордун тапкан. В.Жирмунский «Могулистандын жапайы арстандары» аталган кыргыздардын XVI кылымда калмактарга каршы кармаштарын, Жети-Сууга, Сайрам менен Ташкентке, Түркстан менен Кашгарга, Фергана менен Памирге болгон жортуулдарын эпостун тарыхый башат-өбөлгөлөрүнө киргизип: **«таким образом, период «калмыцких войн», в особенности XVI-XVII вв., явился для окончательного оформления исторического сюжета «Манаса» определяющим»,** - деп жазат [1, 59]. «Манастагы» тарыхый сюжеттин **«биротоло калыптанышына»** калмак согуштары себеп болгон дегенине караганда, В.Жирмунский анын ага чейин эле кандайдыр бир көлөмдөгү эпикалык чыгарма катары жашап келгендигин жокко чыгарбайт. Андан ары окумуштуу эпостогу негизги каармандардын тарыхый негиздүүлүгүн, башка элдердин эпикалык чыгармалары менен байланыштарын, андагы Ортоазиялык традициянын маанисин, жомоктуулук жана миф, мусулмандык мотивдер маселелерин карай келип, кыргыз эпопеясынын татаал курамындагы ич ара тутумдашкан негизги үч катмарды бөлүп көрсөтөт [1]. Көөнө, же тарыхка чейинки, негизинен, жомоктук-мифологиялык катмарды ал белгилүү бир мезгилдик алкак менен белгилебей, кеңири чөлкөмдө VI-XIV кылымдарга, (Эр Төштүк, Ороңгу, Жолой, Кыз Сайкал ж.б. образдар, башка элдердин жомокторунда кездешкен сюжеттер), кыргыздардын байыркы Мекени Енисейге таандык кылса, кийинки [2] тарыхый катмар өз башатын IX-X кылымдардан алып, Кытай экспансиясына байланышканы менен, XV-XVII кылымдардагы калмактарга каршы согуштарда гана негизги тарыхий-саясий тема иретинде бекемделип бүткөн (Көкчө, Жамгырчы, Кошой, Ша-Темир, Эсенхан, Алооке, Коңурбай). Үчүнчү катмар окумуштуунун пикиринде XVII-XIX кылымдарда эпостун

тулкусуна ислам дининин кириши менен мүнөздөлөт (Кыдыр, Чилтендер, Алмамбет, Айкожо, Жаангеркожо ж.б.). Ошентип, **Т.Укубаев** жазгандай В.М.Жирмунский «Манастын» жаралышы, ал чагылдырган тарыхый доорлор жана инсандар өңдүү фундаменталдуу проблема боюнча оригиналдуу, илимий ынанымдуу жана чулу концепция түзүүгө жетишкен [2, 18]. **М.Богданованын** көз карашы В.Жирмунскийдин концепциясына үндөшүп турат. Ал «Можно полагать, что эпос «Манас» как эпопея формируется именно в этот период (XV-XVIII к-гы ойрот хандыгы – К.А.), хотя складывался он и формировался на протяжении длительного времени», - деп жазса [3, 207-208], **П.Н.Берков** эпосту алтайлыктардын «Алып-Манашы» менен салыштырып, айрымдары жөндүү, айрымдары күчтөлгөн окшоштуктарды таап, кыргыз эпосундагы реалисттик тенденциянын күчтүүлүгүн кыргыздардын Ала-Тоого келгенден кийинки интенсивдүү саясий-тарыхый жашоосу менен түшүндүрүп, «Манастын» жаралышын кайсы бир конкреттүү доорго тууралабай: «…киргизский «Манас» прошел длинный путь развития – от первобытного мифа до монументальной эпопеи, от короткого сказа до огромной поэмы-энциклопедии», - деп жазат (4, 255-б.). Бул жерде П.Берков эпостун жаралышын кайсы бир датага, окуяга эмес, анын ички мазмундук структурасынан, семантикасынан издөө керек деген ойду жетекчиликке алганы ачык көрүнөт. **Эпостун жаралуу маселесине, генезисине мындай көз караш (миф-мифологиялык-баатырдык эпос- тарыхый-баатырдык эпос) кийин Е.Мелетинский, Р.Кыдырбаева, М.Мамыров, М.Борбугулов, М.Убукеев, Ш.Акмолдоева сындуу манасиликтөөчүлөрдүн эмгектеринде өз колдоочуларын, өнүктүрүүчүлөрүн тапкан** жана алар мындай принципти түрдүү теориялык жоболорго, фактылык материалдарга таянуу менен жүзөгө ашырышкан.

«Манас» эпосун изилдөөгө, анын элдүүлүгүн сактап калып (1952), кошмо вариантты чыгарууга (1958-1960), андан кийин эпостун толук варианттарын кыргыз, орус тилдеринде даярдоого өлчөөсүз зор салым кошкон, иш жүзүндө кыргыз окумуштууларынын ичинен эпосту нукура илимпоз катары ырааттуу изилдеген (биринчи десек болот) **Болот Юнусалиев** да чыгарманын жаралуу маселесине кайрылбай коё алган эмес. Эгерде М.Ауэзов, А.Бернштам эпостун жаралышын «улуу кыргыз державасынын» (IX-X к.) мезгилине байланыштырышса, **Б.Юнусалиев** ошол күчтүү мамлекеттик бирикменин кыйрашы ага себепкер болгонун белгилейт. Атактуу тарыхчы Л.Гумилевдун пассионардуулук теориясын эпикалык чыгармачылыкка колдонгон орус окумуштуусу **Д.Балашов** баатырдык эпос ошол даңазалуу учурдун деми сууганда, аны эңсөө, эскерүү формасында жаралат дегени бар. Андан алда канча мурун эле ушул ойду Б.Юнусалиев айтып: «Эпос «Манас» возник в связи с разрушением этого единства как воспоминание о нем и как память о героической борьбе народа против внутренних и внешних врагов», - деп жазган [5]. Демек, эпос Манастын жана Алманбет, Чубак жана Сыргак сындуу баатырлардын өлүмүнө байланыштуу айтылган кошоктон (М.Ауэзов) же тескерисинче мактоо ырларынан келип чыккан (М.Мамыров) дебестен, Б.Юнусалиев кыргыз эли башынан кечирген зор сыноолор, анын бардык жактан өсүп-өркүндөгөн маалы алыстап, бирок унутулбай, кайра да кезектеги сыноолорго туруштук берүүгө туура келгенде, ошол даңазалуу доорду эскерүү, ошол кездин эр-азаматтарынын үлгүсүндө кийинки муундарды тарбиялоо, алардын рухун бекемдөө максатында келип чыгарын белгилейт. Бул көз караште кадыресе турмуштук жүйө, көркөм-руханий негиз бар экенин танууга болбойт. Жеке адам сыяктуу эле эл да башына оорчулук түшкөндө өзүнүн «жыргаган мезгилин» эстейт, эңсейт, ошол аркылуу кандайдыр бир канагаттануу алат. Мунун өзү Манас сындуу баатырлардын кылган иши, кайталангыс эрдиктери дайым эскерилип, кошок же мактоо формасындагы ыр, же кара сөз баяны (санжыра, уламыш) иретинде айтылып келсе, босогодо турган жаңы коркунучтар элдин чыңалып турган нравалык, патриоттук

сезимдерин, психикалык-эмоционалдык абалын поэтикалык нукка салышы толук ыктымал эле. Аны Токтогул сындуу таланттардын бири баштап, бир нечеси улап, элдин кулагында өчө элек «Манас» урaанын жаңы бийиктикке көтөрүп кетери оозеки чыгармачылыктын айныгыс мыйзамына төп келет. Б.Юнусалиевдин андан ары: «Первоначальный, быть может, небольшой его вариант возник во второй половине X или в начале XI в.», - деген божомол көз карашын ушундай түшүнүүгө болот.

Б.Юнусалиев «Киргизский героический эпос «Манас» аттуу макаласында [6, 215]. «Исторический фон поэмы соотвествует примерно периоду джунгарсково нашествия (XVI-XVIII вв.), действия происходят в пределах Средней Азии», - деп жазса да, бул доорду эпостун жаралышын себепкери деп эсептебей «…элде бир нече кылым мурун өткөн окуялар барган сайын унуткарылып, кийинчерээктеги окуялар көбүрөөк эскерилип» турарын белгилейт. Ушундан улам ал кыргыздардын күчтүү мамлекетинин кыйрап, бытырандылыкка учураган, монгол тилине жакын тилде сүйлөгөн кара кытайлардын (кидандардын) баскынчылыгында калган IX-XI кылымдардагы окуялар эпостун жаралышына баштапкы негиз болгон деп эсептейт жана муну Алтай доору деп атайт. Окумуштуу мындай пикирге келүүсүнө тарыхый, этнографиялык, лингвистикалык, географиялык фактылар, алардын граждандык тарыхка байланыштуулугу негиз болорун айтып, так ушул кара кытайлардын баскынчылык согуштары «Манас» жомогунун чыгышына себепкер болсо да, андан кийинки окуялар эпосто орун албай койбостугун белгилеп кетет. Б.Юнусалиев эпостун жаралышын XVI-XVIII кылымдарга тиешелүү кылышкан И.Климович менен А.Боровковдун божомолдорун сынга алып: «Манас» эпосун жунгар чабуулдары кезинде (XVI-XVIII к.) Тянь-Шанда жашаган кыргыздар чыгарган болсо, андан бир нече кылым мурунку кыргыз урууларынын баштан өткөргөн окуялары (Алтайдан Ала-Тоого көчүшү, кара кытайлар менен согушу ж.б.) кайдан келип эпостон орун алып калды – деген суроолорго… жооп беришпейт», - деп жазат [6, 12]. Бул сын пикир кайсы бир денгелде В.Жирмунскийге да тиешелүү болуш керек эле. Бирок Б.Юнусалиев негедир анын көз карашын өзүнчө бөлүп карабайт. Балким, В.Жирмунскийдин эпосто кыргыздардын VI кылымдан берки тарыхы менен дүйнөтаанымы бар деген бүтүмү аны сындоого жол бербесе керек.

Б.Юнусалиев эпостун негизги каармандарынын тарыхый негизи бар экендигине да күмөн санабайт. Ошентип, окумуштуу «Манас» эпосунун жаралыш маселесине комплекстүү мамиле жасайт да, аны ириде кыргыз тарыхындагы даңазалуу жана кейиштүү (трагедиялуу) учурлар менен бекем байланышта карап, ыраатуу жана ынанымдуу көз карашын билдирет. Ал эпостун биринчи айтуучулары, образдардын тарыхый негиздүүлүгү жана анын баштапкы ядросу тууралуу учкай гана пикирлер айтуу менен чектелет.

«Манас» өңдүү монументалдуу тарыхый-баатырдык эпостун жаралуусу этностун элдүүлүк, мамлекеттүүлүк абалына байланыштуу экендигин **С.М.Абрамзон** да түшүнгөн. Ал «Манас» эпосуна кеңири мүнөздөмө берип, жомок, фантастика, мифология арбын, бирок андагы окуялардын бир бөлүгүн кыргыз элинин жана ага кошулган уруулардын тарыхынын кайсы бир мезгилинин көркөм чагылышы деп эсептейт да, кээ бир авторлор бул маселеге конкреттүү тарыхтан ажыратуу менен мамиле жасайт деген доомат коёт. Бирок алар кайсы авторлор экенин көрсөтпөйт. С.Абрамзон андан ары «Кыргыз эли бирдиктүү эл катары жок кезде элдик Манас жашашы мүмкүн беле?» деген собол таштап, ага «Жок» деп жооп берет. Анын көз карашында, кийин кыргыз элин түзгөн бардык урууларда айрым баатырдык поэмалар жана баяндар болгон, бирок **«алардын психикалык келбетинин жалпылыгынын көрүнүшү катары жалпы эпосу болгон эмес».** Мындай күтүүсүз тыянакты С.Абрамзонго чейин да, кийин да эч ким чыгарган эмес. Мунун себебин окумуштуу өзү андан да кескин төмөнкүдөй пикир менен түшүндүрөт: «Аныгында кыргыздар эл катары кыйла кеч – XIII-XVII кылымдар аралыгында калыптанган, демек, стили жана

мазмуну жактан бирдиктүү элдик оозеки адабияттын эстелиги катары «Манас» ушул доорлордон мурда жаралышы мүмкүн эмес» [7, 387]. Ал М.Богданованын «Манас» феодалдык түзүлүштөн алда канча мурда жаралган, аны адегенде эле эл жараткан» деген бүтүмүн да «феодалдык түзүлүшкө чейин кыргыз элинин өзү болгон эмес» деген аргумент менен четке кагат. Ошол эле учурда С.Абрамзон «Манас» узак мезгилдердин көркөм туундусу болгон нукура элдик чыгарма экендигин танбайт.

С.Абрамзондун «Манас» эпосунун жаралышын XVII кылымдын аяк ченине алып келүүсү кыргыздардын эл катары калыптануусу деген концепциясынан келип чыгат. Кыргыздар эл болуп түзүлүшү үчүн белгилүү деъгелде туруктуу территория [1], жалпы тил [2], бардыгына көбүрөөк мүнөздүү чарбачылыктын формасы [3], маданий-тиричиликтик өзгөчөлүктүн жакындыгы [4], идеологиялык көз караштар менен культтарда окшош белгилердин болушу [5], ошол урууларды бириктирген саясий-социалдык факторлордун болушу [6], кеңири этникалык топко тиешелүүлүк аң-сезими [7] керек. С.Абрамзондун пикиринде, кыргыздарда мындай шарттардын бардыгы XIV-XV кылымдарда ишке аша баштап, XVI-XVII кылымдарда айрыкча ыкчам жүрүп, XVIII кылымда гана аягына чыккан [7, 35]. **Чыңгыз Айтматов** бул залкар окумуштууга жазган катында аталган эмгекке жогорку баа берип, ага терең ыраазычылык билдирип, бир гана нерсеге – кыргыздардын эл катары калыптануу дооруна макул эместигин билдирип: «XVIII кылым дегенибиз эл үчүн кечээки эле күн эмеспи. Ал эми «Манас» боюнча, анын архаикалык мазмуну боюнча алганда деле кыргыздар өтө илгертеден бери калыптанып калган байыркы түрктөрдүн тобу болуп эсептелет», - деген тыянакка келет [7, 15]. Залкар жазуучунун бул сөздөрү анын кыргыз тарыхына, кыргыздардын эл катары калыптануу маселелерине кайдыгер эместигин, аларды «Манаска» байланышта кароого толук мүмкүн деген ойдо экендигин билдирет (С.Абрамзон бүт өмүрүн сарп кылган эмгегинин кыргыздарда татыктуу бааланбаганына өкүттө жүрүп, 1977-жылы кайтыш болгон. Бирок Манастай даңкы чыгып келе жаткан Ч.Айтматовдун каты анын көңүлүн көтөрүп, кушубак кылган дешет).

Академик Б.Юнусалиевдин теориясына жакын ойлорду ага чейин **К.Рахматуллин** да айткан. Ал «Манаста» патриархалдык-кулчулук жана патриархалдык-феодалдык коомдук түзүлүштөр чагылдырылат жана ал эпосто «уруу» түшүнүгүнө зор маани берилиши менен айгинеленет дей келип: «Нельзя забывать, что эпоха, когда происходили основные события, описанные в «Манасе», и эпоха возникновения «Манаса» характеризовались организованной борьбой киргизского народа…» [8, 103], «Манас» Сагымбая в основном отражает исторические события, происходившие после IX и X вв., на территории Сибири, Средней Азии, Монголии и Восточного Туркестана», - деп жазат [9, 145]. Бирок К.Рахматуллинди эпостун башка маселелери (манасчылар, варианттар, идея, образ ж.б.) кызыктыргандыктан, чыгарманын жанрдык эволюциясы, тарыхы тууралуу ойлору фрагментардуу мүнөз алып жүрөт. 1946-жылы «Коммунист» журналынын 1-санына жарыяланган «Манас» (1100 жылдык мүчөлүнө карата)» аттуу макаласында ал эпос IX-X кылымдардагы тарыхый окуяларды чагылдырат деген бүтүм чыгарат.

Чыгыштаануучу **В.Ромодин** кыргыздардын Түштүк Сибирден Ала-Тоого көчө баштоосун кара кытайлардын баскынчылык согуштарына байланыштырып, эпостун жарала баштоосун X-XII кылымдарга туура келет деп эсептесе [9, 90-92], белгилүү тарыхчы **Өмүркул Караев** адепки макалаларында эпостун алгачкы сюжеттери IX-XI кылымдарда, б.а., кыргыздардын уйгур хандыгын талкалаган мезгилинде түзүлө баштаган болуу керек деген ойду айтат [10]. Кийин ал «Маджму ат-таварихти» текши сыпаттоодон өткөрүп: «Манас баатыр тарыхый инсан болгон, ал жөнүндө манасчылар XV кылымдан бир канча доор мурун эле айтып келишкен», - дейт [11]. Мындан тышкары ал: «IX кылымдын орто ченindеги кыргыз жоокерлери шивэйлерге жасаган жортулу «Манас» эпосунда чагылдырылып калган тарыхий окуя деп атоого негиз бар»,

- деп жазат да, бирок ал «окуянын» ордун белгилебейт. Ө.Караевдин мындай көз карашын **М.Мамыров** сынга алып, тарыхий фактылар «Манаста» так өзүндөй түшүрүлгөн эмес, ал эпикалык чыгармачылыктын өсүп-өнүгүш мыйзамченемдерин билбейт деген дооматтар коёт [12, 54-57]. Дагы бир белгилүү тарыхчы **Ж.Малабаев** С.Кляшторный сыяктуу «Манастын» эпос катары жаралуусу тууралуу кескин бүтүм чыгарбаганы менен анын пикирине толук үндөш позицияда турат. Ал дагы тарыхый инсан Алп Солго кайрылат. «Алп Сол 30 лет правил государством. Воины, собравщиеся на торжество, посвященное победе над уйгуро-орхонским каганатам, присвоили ему военный титул «Манас». Алп Сол Манас скончался в 870 году». Бирок окумуштуу бул маалыматтардын тек-жайын, өзгөчө, Алп Солдун Манас аталышы жөнүндөгү тарыхый булактарды көрсөтпөйт [13].

Фольклорист **Сапарбек Закиров** Б.Юнусалиевдин «Манастын» өзөктүү тарыхий окуясын кыргыздардын кара кытайларга каршы согуштары түзөт деген пикирине кошулбай: **«Манас» эпосунун жаралышына… араптар менен болгон согуш себеп болгон»,** - деп жазат. Ал бул жерде 751-жылы Таласта болгон согушту эске алып жатат [14]. Жомокчулар «Манасты» мусулман болгондон кийин айта башташкан, бирок анын башаттары теңирчилик дооруна таандык, ошондуктан ал М.Ауэзов менен А.Бернштамдын пикирин колдоого алат да, эпос IX кылымда көркөм формада ишке ашкан деп эсептейт: «Эпостогу окуялар мурда айтылып келген санжыралардын, тарыхый уламыштардын негизинде… караханиттер мезгилинде жарала баштап, андан кийинки кылымдарда өркүндөп, калыптанып отурган», - дейт С.Закиров. Бирок ал эпоско 751-жылдагы согуш кантип негиз болуп бергенин далилдей албайт, ага эпостун өзүнөн да мисал келтирбей, эпос мусулман болгон кыргыздар тарабынан жаратылгандыктан, мусулманды мусулман менен согуштурбай, каршы тарапты каапыр кылып коюшкан деген ойлор менен чектелет. С.Закировдун мындай көз карашын кезегинде М.Мамыров бурмалоолор жана кайталоолор бар деп катуу сындап, жараксыз теория катары четке кагып, санжыраларга таянган пикир деп баалайт [12, 60-65].

«Манас» эпосун географиялык-топонимикалык, антропонимдик, этнографиялык жана лингвистикалык маалыматтарга, тектеш жана башка элдердин эпикалык чыгармаларына салыштыруу менен бир катар кызыктуу да полемикалуу да эмгектерди жараткан белгилүү манасизилдөөчү **Турдубай Абдыракунов** «Бээжин, Каңгай кайда болгон?» деген макаласында [1] көптөгөн топонимдердин, этнонимдердин этимологиясын салыштырып, Манастын түпкү тегин, уруусун «кыргыздарга кирген» кимак-кыпчактарга таандык кылып, мындай бүтүм чыгарат: «Ошентип, 1050-1051-жылдары огуз мамлекетин кыйратып, анын эки борборун (Бээжин, Каңгай – Сыр Дарыялык печенег-огуздардын жерлери – К.А.) өздөрүнө караткан сары-кыпчактардын даңазалуу тарыхый жортуулдары, негизинен, эпостогу Манастын «Бээжин», «Каңгайга» жасаган жеңиштүү казат-чабуулдарында ж.б. эпизоддорун да чагылдырылган деген жыйынтыкка келебиз». Т.Абдыракуновдун башка изилдөөчүлөрдө кездешпеген өңүттө эпоско иликтөө жүргүзүүсү далилдүү көрүнгөнү менен анын күтүүсүз тыянактарын колдогон, жокко чыгарган да эч ким болгон жок. И.Молдобаев гана анын концепциясында чаташ учурлар бар экенин белгилейт [16, 59]. Көрүнүп тургандай, Т.Абдыракуновдун көз карашынан «Манастагы» тарыхий окуялар Орто Азия чөлкөмүндө болгондуктан, эпос да ушул ареалда жаралып, түптөлгөн деген бүтүм келип чыгат.

**Хусеин Карасаев** Манас Бээжинге ислам динин таратуу үчүн барган, «Манас» дастанын түзгөн биринчи аэд – Ырчыуул, ал VIII кылымдын ичинде түптөлдү, адеп жаралган «Чоң казатка» улам кийинки чоң окуялар кошула берди деп эсептеп, ал окуялар менен хандыктарга төмөнкүлөрдү кошот: «Караханийлер – XII-XIII кылымдардагы мамлекет. Булар көчмөн түрк уруулары. Эртиш менен Амударыянын аралыгын ээледи. Буларды монголдор талкалаган. Кара кытайлар. Булар тунгус-манжур

тукумунан, XII-XIII кылымдарда Орто Азияны… ээледи. Ногойлор. Булар XII кылымда Алтын Ордодон бөлүнүп чыкты. Ногой деген акими болгон. Мангыт деген монгол уруусунан… XIII кылымдарда монголдордун чабуулу болду. Манас булар менен чабышат. XVI кылымда ойроттор каптап кирди…, кептин кыскасы, Манас дастаны ушулардын бардыгын сормо кагаздай ичине житирип алган» [17]. Х.Карасаевдин «Манас» эпосун жана Саякбай баш болгон XX кылымдагы залкар манасчыларды, араб, фарсы, түрк тилдерин билгендигин эске алсак, анын көз карашында көңүлгө ала турган нерселер бар экени анык. Бирок анын бул багыттагы ойлору чыгарылган бүтүмдөрү сыяктуу эле кыска болуп, кеңири иликтенбегендигин эске алуу зарыл.

Ошентип, салыштырма-тарыхый методду карманган илимпоздордо эпостун жаралыш доору тууралуу бирдиктүү көз караш жок. Белгиленгендей, аларды мындай бир топко киргизүүнүн өзү шарттуу, анткени, бардыгын: эпос жана тарыхый доорлор, эпостогу тигил же бул сюжет, образдар менен тарыхый окуялар жана инсандар байланышы, тигил же бул образдардын, эпизоддордун мифогендик тек-жайы, эпостун башка элдердин эпикалык чыгармалары менен байланышы, генезиси сыяктуу маселелер аралаш караштырыла берген учурлар басымдуу.

Адабияттар:

1. Жирмунский В.М. Введение в изучение «Манаса». - Ф.: Изд. Кирг. филиала АН СССР, 1948.
2. Укубаев Т. Кыргызский героический эпос «Манас» в свете историко-сравнительных исследований В.М.Жирмунского. Автореф. дисс…к.ф.н. – Б., 2007.
3. Богданова М.А. Об особенностях киргизского героического эпоса «Манас». – Китепте: Киргизский героический эпос «Манас». – М., 1961.
4. Берков П.Н. Алтайский эпос и «Манас». – Китепте: Киргизский героический эпос «Манас». – М., 1961.
5. Юнусалиев Б.М. К вопросу об эпохе и возникновении эпоса «Манас». – Советская Киргизия. – 1952, 23 мая.
6. Юнусалиев Б.М. Киргизский героический эпос «Манас». - В кн.: Манас – героический эпос киргизского народа. – Ф., 1968.
7. Абрамзон С.М. Киргизы и их этногенетические и историко-культурные связи. – Ф., 1990.
8. Рахматуллин К. Творчество манасчи. – В кн.: Манас – героический эпос киргизского народа. – Ф., 1968.
9. Ромодин В. Контакт киргизов с другими народами в свете ранних записей эпоса «Манас». Всесоюзная тюрк.конф.: Этнические и историко-культурные связи тюркских народов СССР: Тезисы докл.и сообщ. – Алма-Ата, 1976.
10. Караев Ө. «Манас» эпосунун жаралышы жана анын доору.- Кыргызстан маданияты, 1988, 18-август.
11. Караев Ө. Манас – тарыхий инсан. Заман Кыргызстан, 1994, 19-август.
12. Мамыров М. «Манас» эпосунун калыптаныш тарыхы. – б., 2004.
13. Малабаев Дж. От Барс-Бега до наших дней. – Слово Кыргызстана, 2003, 14марта.
14. Закиров С. «Манас» эпосунун чыгышы жана калыптанышы. – Кыргыз Туусу, 1995, 5-сентябрь.
15. Абдыракунов Т. Бээжин, Каңгай кайда болгон?, - Кыргызстан маданияты, 1988, 8-сентябрь.
16. Молдобаев И. «Манас» - историко-культурный памятник кыргызов. –Б., 1995.
17. Карасаев Х. «Манас» дастанынын түптөлүшү. – «Манас дүбүртү» газетасы, 1994, № 12.